**Сабактын планы**

**Класс 10А** 9–сентябрь 2023-ж. 1– чейрек(3- чейрек)

**Сабактын темасы**: Комуздун тарыхы

**Сабактын тиби:**Жалпылоо сабагы

**Сабактын усулдары жана ыкмалары**: интерактивдүү,топтордо иштөө,сөз байлыгын өстүрүү

**Колдонулган каражаттар:**сүрөттөр,окуу китеби, видео роликтер,Венндин диаграммасы

**Сабак аралык байланыш :** тарых ,музыка ,адабият сабактары.

***Сабактын жабдылышы***: *акылдуу доска, слайддар ,комуз,чопо чоор ,белгилүү комузчулардын сүрөттөрү ,видео роликтер*

**Негизги компетенттүүлүктөр:**

НК1.Маалыматтык( Маалыматтын жетишсиздигинен кошумча булактардан алып окушат)

НК2.Социалдык-коммуникативдик(алган маалыматтар менен өз позициясын түшүндүрүп айтып беришет;

НК3.Өз алдынча уюштуруу жана маселелерди чечүү(комуздун тарыхы жөнүндө , музыкалык аспаптар жана белгилүү комузчулар жөнүндө, комуз күүлөрү жөнүндө тереңдетип айтып беришет)

**Предметтик компетенттүүлүктөр**:

1.ПК1.Тилдик(окурмандык компетенттүүлүк)

2.ПК2.Кептик(коммуникативдик)

3.ПК3.Маданият таануучулук(комуздун тарыхы жөнүндө , музыкалык аспаптар жана белгилүү комузчулар жөнүндө, комуз күүлөрү жөнүндө тереңдетип айтып беришет)

| **Сабактын максаттары** | **Күтүлүүчү натыйжалардын көрсөткүчтөрү** |
|---|---|
| Комуз жөнүндө алган маалыматтарын кабылдап, оюн аныктоо менен алынган маалыматтарын баяндай алышат.Текст түзө алышат | Эгерде окуучу...Текст менен иштей алса Алган маалыматтар менен окуп билген маалыматтарды түшүнүп ,айтып бере алышса |
| Комузчулар, комуз күүлөрүн айырмалай алышат,чыгармачыл ой жүгүртүүсү,кыргыз тилине болгон сүйүүсү калыптанат | Эгерде окуучулар...уккан күүлөрдүн аталышын жана ал күү кимге таандык экенин айта алышса,кыргыз тилине болгон сүйүүсү калыптанса |
| Кыргыздын көркөм мурасы болгон комузду | Эгерде окуучу ... |

| | |
|---|---|
| баалайт,тарыхын билишет,таза кыргызча сүйлөөгө,патриоттуулукка тарбияланышат | Комузду башка музыкалык аспаптардан айырмалай алышса,өзгөчөлүктөрүн ,тарыхын билишсе,патриоттуулукка тарбияланышса |

**Сабактын жүрүшү**

<table>
<tr><th>№</th><th>Сабак<br>тын этабы</th><th>Мугалимдин ишмердүүлүгү</th><th>Окуучунун ишмердүүлүгү</th><th>Комп<br>етент<br>түү<br>лүк<br>НК<br>1,2,3<br>ПК1,<br>2,3</th><th>Баа<br>лоо</th></tr>
<tr><td>1</td><td>Уюшту<br>руу</td><td>1.«Маш ботой»күүсү коюлат(1-Көчмөндөр оюнунан ) видео<br>2.Сабакка жагымдуу маанай түзүү<br>3.Шыктандыруу</td><td>1000 комузчунун аткаруусундагы «Маш ботой»күүсүн угушат<br>Бири- бирине комплемент айтышат</td><td></td><td></td></tr>
<tr><td>2</td><td>Сабактын максат<br>тары менен тааныш<br>тыруу</td><td><table>
<tr><th>Сабактын максаттары</th><th>Күтүлүүчү натыйжалардын көрсөткүчтөрү</th></tr>
<tr><td>Комуз жөнүндө алган маалыматтар<br>ын кабылдап, оюн аныктоо менен алынган маалыматтар<br>ын баяндай алышат</td><td>Эгерде окуучу...<br>Алган маалыматтар менен окуп билген маалыматтарды түшүнүп ,айтып бере алышса</td></tr>
<tr><td>Комузчулар, комуз күүлөрүн айырмалай алышат</td><td>Эгерде окуучулар...уккан күүлөрдүн аталышын жана ал күү кимге таандык экенин айта алышса</td></tr>
<tr><td>Кыргыздын көркөм мурасы болгон комузду баалайт,тары<br>хын билишет</td><td>Эгерде окуучу ...<br>Комузду башка музыкалык аспаптардан айырмалай алышса,өзгөчөлүктө<br>рүн билишсе</td></tr>
</table></td><td>Сабактын максатын угуп билишет<br>Эгерде окуучу...<br>1.Кыргыз элинин музыкалык аспаптарын билишсе<br>2.Комуздун тарыхын билсе<br>3.Комузчу<br>лар менен комуз күүлөрүн билсе</td><td></td><td></td></tr>
<tr><td>ё</td><td>Үй ишин</td><td>Кыргыз элинин музыкалык</td><td>1.Кыргыз элинин 8</td><td></td><td></td></tr>
</table>

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 3 | текшерүү | аспаптары<br>Комуз жөнүндө<br>А.Осмоновдун ыры<br>7 ыйык(комуз,боз үй,жылкы,Манас,калпак,Ысык-Көл,Ала-Тоо) | музыкалык аспабы ж-дө айтып беришет(Слайддар)<br>2.Осмонов дун «Комуз» деген ырын жатка айтып беришет<br>3.Кыргыз элинин 7 ыйыгы ж-дө айтышат(слайддар) | | |
| 4 | Сабактын негизги бөлүгү | **Мугалим**:Комуз кыргыз элинин эзелтеден калган улуттук музыка лык аспабы.Ата–бабаларыбыз бизге мурас кылып калтыр ган 7 ыйык белгинин бири– комуз .Ооба, көргөн көзгө жөпжө нөкөй көрүнгөн ушул комузда кыргыз дын санжырасы, өлбөс–өчпөс тарыхы жашайт. | 1.Комуздун келип чыгуу тарыхы тууралуу уламышты айтышат<br>2.Комуздун тарыхын айтышат<br>3.Комуздун түзүлүшүн айтышат<br>Слайддардын жардамы менен кетет | | |
| 5 | Сабакты активдештирүү | Кыргыздардын акча бирдигине көңүл бурабыз(слайд)<br>-Акча бирдигинде кимдер чагылдырылган?<br>-Комуз менен кимди байланыштыра алабыз Тоголок Молдо менен Т.Сатылганов ж-дө видео роликтер кетет | 1.Акча бирдигиндеги белгилүү инсандар ж-дө айтып беришет<br>2.Тоголок Молдо ж-дө<br>3.Токтогул Сатылганов ж-дө видео роликтерди көрүп ,алар ж-дө айтып беришет | | |
| 6 | Тема боюнча музыкалык тыныгуу | Күүлөрдү угушат | | | |
| 7 | Сабакты жыйынтык тоо | 1.Күүлөр угулат: ( угуп, кайсы күү экенин таап жазат же оозеки эле айтып беришет)<br>1. Атай Огомбаев “Кыз кербез”<br>2.К.Орозов “”Ибарат.”<br>3.”Кыргыз көчү”– элдики<br>4.”Улуу тоолор” Н.Абдрахманов | Окуучулар бирден күү угуп ,аны таап, жазышат же айтышат<br>-Автору ким?<br>-Кайсы күү? | | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | 5.”Сары эрке” Т.Сатылганов<br>6.”Саринжи Бөкөй”- элдики<br><br>2.Акыркы эки күүдө кайсы музыкалык аспаптар бар эки группага бөлүнүп жазышат<br><br>3.Венндин диаграммасын толтурушат (эки окуучу)<br>1. – кыл кыяк жөнүндө<br>2. – окшоштугу жөнүндө<br>3. -комуздун артыкчылыктарын айтат | Бул күүлөрдө кайсы музыкалык аспаптар бар? Таап,жазышат<br><br>3.Окуучулар комуз менен кыл кыяктын түзүлүшү ж-дө алардын окшоштуктары жана өзгөчүлүктөрү ж-дө айтышат | | |
| 8 | Үйгө тапшырма | Комузга окшош музыкалык аспап ж-дө айтып бергиле | | | |
| 9 | Баалоо | | | | |

**.Слайд: Музыкалык аспаптар(8)–**

**–Комуз–**

Комуз– кыргыз элинин байыртадан бери келе жаткан чертме кылдуу,үндүүмузыкалык аспабы.Ал өрүк, жаңгак, арчанын жыгачынан жасалат.Узундугу 75–90 см.чамалуу болот.

–**жез керней**–

Түрк элдеринин байыртадан бери келе жакан музыкалык аспабы.Узундугу 1,5–2 метр келген, учуна мүштөк тагылып, ачык жагы кайрылып кеткен, цилиндр түрүндө ,үн өзгөртүүчү көзөнөктөрү жок, үнү алыска кетет.

**–темир ооз комуз–**

Байыркы замандан бери келе жаткан какма аспап.Илгертеден кыргыздар темирди көп колдонушкандан темир ооз комуз пайда болсо керек.

**–чоор–**

Чопо чоор ак, кызыл чоподон жогорку температурада бышырылып жасалган үйлөмө аспап.

**–жыгач ооз комуз–**

Сары жыгачтан, бөрү карагаттан,арчадан, талдан жасалат.

**–добулбас–**

Урма музыкалык аспап тегереги ийленип, арча, талдан жасалат.

–**сурнай**–

Түрү боюнча кош чымылдактуу аспап, конус түрүндө болот.

**–кыл кыяк–**

Кыл кыяк кыргыз элинин музыкалык аспабы.Кыл кыяк комуздан кылдары, кулагы,жаасы, добуш чыгаруучу көңдөйү жана капкагы менен айырмаланат.

**–жетиген–**

Жетиген кыргыздардын байыркы аспабы.аны Эне–Сайдагы кыргыздар пайдаланып Ала– Тоого көчкөндө аспап ошол аймакта калган деген маалыматтар бар.

## Сабактын негизги бөлүгү:

**Мугалим**:Комуз кыргыз элинин эзелтеден калган улуттук музыкалык аспабы.Ата–бабаларыбыз бизге мурас кылып калтырган 7 ыйык белгинин бири– комуз .Ооба, көргөн көзгө жөпжөнөкөй көрүнгөн ушул комузда кыргыздын санжырасы, өлбөс–өчпөс тарыхы жашайт.Комуз аркылуу кыргыз эли башынан өткөн кыйынчылыгын да, кубанычын да, кээде жаман кабар угузуу үчүн да ушул жөпжөнөкөй комузун колго алып билдирген экен.

**Слайддардын жардамы менен кетет**

**1.Уламыш: «**Комуз кандайча пайда болгон?»**–**

**2– уламыш «Күүнү башыКамбаркан»**

**-** Илгери- илгери бир хан жашаган экен. Ал каардуу хан болгондуктан каргышы тийгенби айтор хан баласыз болуптур. Хан кудайга жалынып жүрүп уулдуу болуптур. Жалгыз уулу эр жетип чоңойгондо хан ага кайда жүрбөсүн жандап жүрсүн деп жигиттерди тандап берет.

Күндөрдүн биринде хандын уулу нөөкөлөрү менен аңчылыкка кетет. Токойду кыдырып келе жатканда алдынан жолборс чыгат. Жолборсту көрүп корккон жигиттери качып кетишет. Жолборс хандын уулун чалып өтөт. Хандын уулу каза табат. Аны көргөн жигит тердин үрөйү учат.

Күндөр өтөт. Хан уулун күтөт. Бирок уулу кайрылып келбейт. Ошондо хан жар чакырып:» Эгерде кимде-ким менин уулум жөнүндө жаман кабар алып келсе, анын оозуна

коргошун куям» - дейт. Жигиттери бул кабарды угуп коруп «эмне кылсак?» деген суроо менен тоо этегинде жашаган. Аалы деген зергерге барышат. Аалы уста гана эмес акылман да болгон экен. Жигиттердин сөзүн угуп аларга тамак берип, эс алгыла дейт. Түнү бою жыгачты жонуп чөйкөк сыяктуу нерсе жасап ага узун, ичке кылдарды тагат. Андан соң ойлоп баштаса андан сонун үндөр чыгат.

Эртеси жигиттерди ойготуп, ээрчитип алып ханды көздөй жөнөшөт. Аалы жасаган аспабын колуна алып ойной баштайт. Анда бирде токойдогу бактардын шуудураганы, бирде суунун шылдырап акканы, бирде баланын күлкүсү угулуп бир убакта жолборстун ырылдаганы апан баланын «апа!» деген үнү чыгып кайра жоголот. Ошондо хпн баласынын каза болгонун билет. Ачуусу менен Аалынын колундагы аспапка коргошун куйдура байтайт.

Мына ушундан баштап кыргызда комуз деген аспап пайда болгон экен.

## 2.Комуздун тарыхы–

Кыргыз тарыхынын энциклопедиясынын туу чокусу болгон Манас эпосуда, Манас атабыз кеселдеп жаткан учурунда, белгилүү манасчы Сагымбай Орозбаковдун айтымында: «Карагай капкак жаптырган, комузчудан жүздү алдырган» деген жери бар. Демек, комуз Манастын убагында эле бар экени айкын. Андан мурдагы тарыхый булактарга сереп салып көрсөк. Кытай тарыхчысы Анвар Байтур: «Комуз музыкасы жаңы эрадан илгери биринчи кылымдарда ата мекенибиздин ички аймактарына тарткан. Жаңы эрага чейин 33-жылы Хан империясынын падышасы Хан-Юальдий ордо кенезектеринин бири болгон Ван-Хавчук деген кызды Уннулардын теңири кутуна «падышасына» узаткан. Бир канча жылдан кийин Ван-Хавчук өз мекенине Чоң-Аит шаарына

кайтканда бир музыка ала келген. Конок ашында отурган бир аалым: «Бул музыканын аты эмне?» деп сураган. «Бул кобус деген музыка болот» деп жооп берет. Ван-Хавчуктун айтуусу менен эле «кобус» кыргыздардын «комуз» деген сөзүнөн чыккан болсо керек» деп болжолдоп койгон, так маалымат жок.

Ушуга эле удаалаш маалымат: «Жапандык музыка адиси Аясы-Канту(Ли-Чан-Сан) деген адамдын, «Чыгыш музыкаларын изилдөө» аттуу эмгегинде кыргыз комузу жунгонун (кытайдын) Тан империясынын тушунда Ханзу (кытай) музыкалары менен бирге Жапонияга барып калган. Жапандыктар бул музыкага өтө көңүл буруп, кыргыз комузунун негизинде «Кьото» деген музыканы ойлоп табышкан. «Кьото» - кылдуу музыка дегенди билдирет» - деп жазат.

## 3.Комуздун түзүлүшү–

Комуз, чертмек – кыргыз элинин кылдуу чертме музыкалык аспабы. Түрк элдеринде улуттук тартма кылдуу, чертме жана какма аспаптарынын кобус (хобус), комыс, кобуз (хомуз),кумуз деп аталышы. Комуздун эң байыркы музыкалык аспап экенин далилдейт.

Комуз экме жана жапайы жыгачтардан (өрүк, алмурут, карагай, арча, жапан талалмурут) өңдүү формада чабылып, моюну ичкерип кетет. Жалбырактары күбүлгөн жана мөмөсү бышкан кезде кыйылган өрүктүн жыгачы сомдолуп, сууга кайнатылып, ышталып чабылган. Комуз бек жана добуштуу болот. Комуздун жалпы уз 75 см чамалуу. Комуз тураты баш, моюн, тулку, чара, капка, куткуну, тепкек, үч кулак, үч кылдан турат. Эки четки кылы унисондо, ортуңкусу четкиге карай квинтага же квартага толгонот. Кулагы өрүктөн, арчадан же мүйүздөн, ал эми кылы көбүнчө эки тиштүү кыргыз койлорунун ичегисинен жасалат. Муздак сууга салынган

ичеги сыдыргы менен тазаланган соң ийик менен оңго ийрилип, анан аябай кере тартылып коюлат (кийин кылдын ордуна тарамыш же жасалма тарамыш жип тагылып калды) күүгө келтиришет. Залкар комузчулар кылды добушуна жараша өтө кылдаттык менен тандашкан. Кээде бир койдун ичегисинен бир кыл гана жасалган.

Комузду мыкты чапкан усталар: Айманбет, Жансерке, Чалагыз, азыркы Орозбай Кенчинбаев, Намазбек Уралиев.

## Сабакты активдештирүү

**1.Акча бирдиги**– анын ичинен комуз менен байлашышкан эмнелерди, кимдерди көрүп турасыңар?(слайд**)**

1 сомдук акча бирдигинде кыргыздын белгилүү композитору Абдылас Малдыбаев чагылдырылган.Акчанын экинчи бетинде кыргыз мамлекеттик филармониясы жана кыргыздын музыкалык аспаптары :комуз жана кыл кыяктын сүрөттөлүшү берилген.

**2.20 сомдо ким? Тоголок Молдо** – (видео)

### Тоголок Молдо

Тоголок Молдо- кыргыз элинин эң көрүнүктүү акыны, тунгуч тамсилчиси, жазма манасчы, таланттуу комузчусу да болгон. Башка жаш балдарга караганда Байымбет эртелеп сабатын жоюп,тамга таанып калган кара тору Тоголок жүздүү бала болгон. Ошондуктан айылдагы адамдар аны Тоголок Молдо деп тергеп алышкан.14 жашында атасы каза болуп калып, чоң атасынын бир тууганы Музоокенип богуусунда калат. Музооке ошол кезде атагы чыккан төкмө акын жана комузчу болгон. Зээндүү бала тез эле өз алдынча комуз чертип, эл чыгармаларын аткара баштайт.Тоголок Молдонун сүрөтү 1994-жылы Кыргызстанада жүгүртүүгө

кирген улуттук акчанын 20 сомдук бирдигенде чагылдырылган.

**3.100 сомдо–** Токтогул Сатылганов–Камила(видео)

**Токтогул Сатылганов**

Т.Сатылганов 100 сомдук улуттук акча бирдигинде бар.Ал кыргыз элинин акыны,ойчул жана обончу комузчу болгон.Атасы Сатылган жамактатып ырдай койгон, куудул киши болгон.Энеси Бурма кошокчу болгон.Ал элдик ырларды көп Токтогул 13 жашынан ырдап комуз черткен. Сүргүндо жүргөндө ал көп чыгармаларды жараткан.

**4.Карамолдо Орозов–**

**Карамолдо Орозов**

*Карамолдо Орозов* 1883 жылы Ысык-Көлдүн күңгөйүндөгү Корумду деген кыштакта туулган. Интернеттеги маалымат булактары боюнча Карамолдо Орозовдун туулган күнү 17 ноябрь. Карамолдонун өзунун ата-энесинин койгон аты Токтомамбет болгон. Атасы ошол кездеги өтө түшүнктүү прогрессчил адам болгондуктан, Токтомамбетти айылдык медресеге киргизип окутат, анда бала беш жылдай билим алып арабча жазганды үйрөнөт. Кат тааныгандыктан, арабча окуп, жаза билгендиктен ага айылдаштары Карамолдо деп жасалма ат коюп алышкан.
Комузду черткенди атасы Ороздон үйрөнгөн. Карамолдонун кесипкөй комузчу болуп өнүгүшүнө ошол кезде Ысык-Көлдө, Нарында аты чыгып жүргөн Чынгышбай, Бурулча, Байгабыл, Абак, Боккөтөн, Майлыбай, Кудайберген деген музыканттар менен жолугушуп, алардын комузчулук өнөрүнөн таалим алышы өбөлгө болгон. Карамолдо Орозов Октябрь революциясына чейинки турмушунда мыкты комузчулардын мелдешүүсүнө эки жолу катышкандыгы тууралуу маалымат бар.

**Сабакты жыйынтыктоо**

**1.Күүлөр угулат:** ( угуп, кайсы күү экенин таап жазат же оозеки эле айтып беришет)

**1.** Атай Огомбаев **“Кыз кербез”**

**2.**К.Орозов **“”Ибарат.”**

**3.”Кыргыз көчү”–элдики**

**4.”Улуу тоолор”** Н.Абдрахманов

**5.”Сары эрке**” Т.Сатылганов

**6.”Саринжи Бөкөй”- элдики**

**1.Угуп кайсы күү экенин таап жазышат**

**2.Акыркы эки күүдө кайсы музыкалык аспаптар бар** эки группага бөлүнүп жазышат.

**Жакшы балдар ,азаматсыңар!**

**2.Венндин диаграммасын толтурушат**

(эки окуучу**)**

**1.** – кыл кыяк жөнүндө

**2.** – окшоштугу жөнүндө

**3.**– комуздун артыкчылыктарын айтат 1 окуучу

3.**Балдар биз бүгүн сабакта эмне кылдык?**

А) Комуздун пайда болушу жөнүндө уламышты уктук

Б)Комуздун тарыхына токтолдук.

В)Комуздун түзүлүшүн үйрөндүк.

Г)Белилүү композиторлор жөнүндө билдик.

Д)Күүлөрдү үйрөндүк.

Е)Музыкалык аспаптардын жаңырышын таптык..

Ж)Венндин диаграммасын толтурдук

# Венндин диаграммасы




Ушуну менен  сиздерге арналган “Комуздун тарыхы  “ дт. сабакты аяктайбыз.Келип катышканыңыздарга чоң  размат!